КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

ТҮП РАЙОНУ
ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын X – сессиясынын ТОКТОМУ**

2025-жылдын 5-августу **№65** Түп айылы

**Түп токой чарбасына караштуу 64,7 га жер тилкесинин багытын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктуна жана 27-беренсинин 10-пунктуна ылайык Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын X – сессиясы **токтом кылат:**

1. Түп токой чарбасына тиийиштүү Түп айылынын кире беришинде жайгашкан “Түп кайың багы” токойчосунун 64,7 га жер аянтынын багытын токой фондунун жерлери категориясынан өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер категориясына өзгөртүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо Түп айыл өкмөтүнүн башчысы У.К.Турганбаевге, көзөмөлдөө Түп айылдык кеңешинин айыл чарбасы, жерди пайдалануу, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

3. Бул токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жоопту катчы Ж.Ишембаевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Абдымамбетов А.Б.**